**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

# Б У Й Р У К

# П Р И К А З

**2022-жылдын 21-февралы № 35** **Бишкек ш.**

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдардагы жана муниципалдык органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардагы кызматтарга мамлекеттик жарандык кадрлар резервине киргизүү үчүн компьютердик тестирлөөнү өткөрүү маселелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрларынын резервине киргизүү үчүн талапкерлерди компьютердик тестирлөөдөн өткөрүүнүн эрежелерин жана жол-жоболорун сактоо максатында,

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамына, 2022-жылдын 2-февралындагы № 24 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервин түзүү жана иштөөсү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына, 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары - Агенттик) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген жобого ылайык буйрук кылам:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- 1-тиркемеге ылайык тестирлөө залдарынын жайгашуусу;
- мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө (жалпы мыйзамдарды билүү боюнча) колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 2-тиркемеге ылайык;
- мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө (жалпы мыйзамдарды билүү боюнча) колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 3-тиркемеге ылайык;
- мамлекеттик жарандык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө (жалпы мыйзамдарды билүү боюнча) колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 4-тиркемеге ылайык;
- муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө (жалпы мыйзамдарды билүү боюнча) колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 5-тиркемеге ылайык;
- Формат, тестирлөөдөгү суроолордун саны жана тестирлөө убактысы, 6-тиркемеге ылайык.

2. Мамлекеттик кызмат бөлүмү ушул буйрукту ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдарда түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

3. Муниципалдык кызмат бөлүмү Агенттиктин аймактык бөлүмдөрү менен бирдикте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ушул буйрукту ишке ашыруу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

4. Аппараттын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын кадрдык иш, документ жүгүртүү жана контролдоо бөлүмү ушул буйруктун көчүрмөсүн Агенттиктин түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнө, мамлекеттик органдардын жетекчилерине жана Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын жетекчилерине, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жөнөтсүн;

5. Тестирлөө бөлүмү (борбору) бул буйрукту Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
1-тиркеме

**Тестирлөө залдарынын жайгашуусу**

1. Бишкек шаары жана Чүй облусу үчүн компьютердик тестирлөө
Бишкек шаары, Чүй пр., 122 дарегиндеги тестирлөө залында өткөрүлөт.

2. Талас облусу боюнча компьютердик тестирлөө:
Талас шаары, Бердике Баатыр көч., 287 дарегиндеги тестирлөө залы.

3. Ысык-Көл жана Нарын облустары үчүн компьютердик тестирлөө төмөнкү тиешелүү шаарлардагы тестирлөө залдарында өткөрүлөт:
- Каракол ш., Абдрахманов көч., 105;
- Нарын ш., Ленин көч., 76;
- Балыкчы ш., Токтосунов көч., 47.

4. Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары үчүн компьютердик тестирлөө төмөнкү шаарлардагы тиешелүү тестирлөө залдарында өткөрүлөт:
- Ош шаары, Ленин көч., 221;
- Жалал-Абад ш., Эркиндик көч., 11;
- Баткен ш., Сыдыкова көч., 1.

5. Айрым учурларда тестирлөөнүн орду Агенттик менен макулдашуу боюнча мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан аныкталышы мүмкүн.

6. Бишкек шаары боюнча тестирлөөнүн убактысын тестирлөө бөлүмү (борбору), башка залдарда тестирлөө Агенттиктин тестирлөө бөлүмү (борбору) менен макулдашуу боюнча Агенттиктин аймактык бөлүмдөрү тарабынан аныкталат.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
2-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүү) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси:**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы;
3) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
4) “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
5) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
6) “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
7) “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
8) “Маалымат алуу укугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
9) “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
3-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүү) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси:**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
3) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
4) “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
5) “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
4-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды түзүүдө (жалпы мыйзамдарды билүүдө) колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси:**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
5-тиркеме

**Муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүү) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси:**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

2022-жылдын 21-февралындагы № 35
Агенттиктин буйругуна
6-тиркеме

**Формат, тестирлөөдөгү суроолордун саны жана тестирлөө убактысы**

1. Компьютердик тестирлөө жүргүзүүдө тесттик суроолордун саны:
- жалпы мыйзамдарды билүү – 30;
- предметтик мыйзамдарды билүү – 30;
- талапкердин кесиптик маанилүү жеке сапаттарды аныктоо – 50.

2. Тестти өткөрүүдө тестирлөө убактысы (жалпы жана предметтик мыйзамдарды билүү үчүн) 60 мүнөт, талапкердин кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн тест 15 мүнөт белгиленет. Жалпы убакыт 75 мүнөт.

3. Талапкердин кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөөнүн этабына компьютердик тестирлөөдөн (жалпы жана предметтик мыйзамдарды билүү) баллдардын жалпы санынын 50 пайызынан кем эмесин алган талапкерлер киргизилет.

Кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарды аныктоо үчүн компьютердик тестирлөө үчүн эч кандай босого тоскоолдук жок.

4. Тесттик суроолор ченемдик укуктук актыларга ылайык түзүлөт жана жөнөкөй (бир туура жооп варианты) жана көп тандоодон (эки же андан көп туура жооп варианттарынан) турат.

5. Суроого ар бир туура жооп үчүн (жалпы жана предметтик мыйзамдарды билүү боюнча) 1 балл берилет.

6. Талапкердин кесиптик маанилүү сапаттарын аныктоо боюнча тесттин суроосуна ар бир туура жооп үчүн 0,6 балл берилет.

7. Келип түшкөн арыздардын негизинде компьютердик тестирлөөнүн графигин түзүү процессине өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.